***DOI:10.26104/NNTIK.2023.43.80.059***

***Тыныстанова Н.А.***

# ЧЫҢГЫЗ АЙТМАТОВДУН «ЧЫПАЛАК БАЛА» ЖОМОГУН V КЛАССТА ОКУТУУ

***Тыныстанова Н.А.***

# ИЗУЧЕНИЕ СКАЗКИ «МАЛЬЧИК С ПАЛЬЧИК» ЧЫНГЫЗ АЙТМАТОВА В V КЛАССЕ

***N. Tynystanova***

# STUDY OF THE FAIRY TALE «TOM THUMB» BY CHYNGYZ AITMATOV IN THE V CLASS

*УДК: 823.51:371.3*

*Макалада Чыңгыз Айтматовдун «Чыпалак бала» жомогун орус мектебинин 5-классында окуп өздөштүрүү жумуштарынын алып барылышы тууралуу маселелер каралды. Мында акырындап жөнөкөйдөн татаалга өтүү принциби көңүлгө алынган. Адатта адабияттык окууда киришүү иш-чараларынан кийин адабият сабагынын негизги бөлүгү катары текстти окуу жумушу алып барылат. Текстти окуу ишине айрыкча маани берген окумуштуулардын көрүнүктүүсү, советтик адабият методикасынын негиздөөчүлөрүнүн бири, профессор М.А. Рыбникова болгон. Адабият мугалиминин бирден бир милдети окуучуларда үн кубултуп көрктүү окуунун адаттарын иштеп чыгуу болуп саналат. Чыңгыз Айтматовдун «Чыпалак бала» адабий жомогунун текстин орто мектептин V классында комментарийлеп окуп өздөштүрүүдө демейки салттуу окутуудан тышкары, азыркы заманбап технологияларга ылайык, интерактивдүү негизде инсанга багыттап окуунун принциптери да жетекчиликке алынат. Макала студенттерге, магистранттарга, мектеп мугалимдерине арналып жазылды.*

***Негизги сөздөр:*** *өздөштүрүү, текстти окуу, жетекчилик, көрктүү окуу, адабий жомок, салттуу окуу, инсанга багыттап окуу, комментарийлеп окуу.*

*В статье рассмотрены в вопросы проведения работ по усвоению сказки «Мальчик с пальчик» Чынгыза Айтматова в 5 классе русской школы. Здесь приняты во внимание принцип постепенного перехода от простого к сложному. Обычно в литературном чтении после проведении вводного слова учителя, ведутся работы над текстом художественного произведения как основной частью урока литературы. Одной из выдающейся ученой, основоположницей методики преподавания советской литературы была профессор М.А. Рыбникова, которая давала особое значение чтению текста. Одной из основных задач учителя литературы является вырабатывание навыков выразительного чтения у школьников. При комментированном усвоении литературной сказки «Мальчик с пальчик» Чынгыза Айтматова в 5 классе средней школы, согласно современным технологиям, кроме обычного традиционного обучения следует руководствоваться принципами личностно-ориентированного на основе интерактивности. Статья предназначена студентам, магистрантам и учителям школ.*

***Ключевые слова:*** *усвоение, чтение текста, руководство, выразительное чтение, литературная сказка, традиционное обучение, личностно-ориентированное обучение, комментированное чтение.*

*This article consideres the issues of studing the text of this fiction fairy-tale by a world known writer Chyngyz Aitmatov «Tom Thumb» in the 5th grade of the Russian school. Moreover, the principle of a gradual transfer of the pedagogic science from simple to complicated has been adopted. In reading this fiction, which usually covers forms from 5 to 7 after the introductory part the text reading work follows as the main part of a fiction lesson. Professor M. Rybnikova was one of the prominent methodists-scholars, who founded the fiction teaching methodology during the Soviet period, which gave a special attention to text reading. One of the objectives of a fiction teacher is to develop with schoolchildren the skills of expressive and artictic reading. The principles of personality-oriented reading on an interative basis in accordance with the modern technologies are used in studying the text of the fiction fairy-tale by Chyngyz Aitmatov «Tom Thumb» with commentaries in the 5th form of a secondary school aside of traditional teaching. This article is written for students, Magistrates, school teachers.*

***Key words****: development, text reading, guidance, artistic reading, fiction fairy-tale, traditional education, personality-oriented teaching, commenting.*

«Чыпалак бала» жомогу өтүлүп жаткан V класста [4, 11-б.] чыгарманы класста сабак катарында өтүүнүн предметтик окуу курстарына ылайык болгондуктан, ал жерде чыгармага тиешелүү мазмунду көркөмдөп, комментарий берип окутуу иштерин жүргүзүүгө өзгөчөлүү маани бериш керек. Текст аркылуу жүрчү иштер предметке ылайыкталган мазмундун алкагында жүрүшү керек. Бул жерде окутуучу текстти окуп, талдай билүү иштерин жүргүзүүнүн ыкмаларын жакшырак түшүнүп, сааатты болушунча ireттүүлүктө жүргүзүүсү зарыл.

Албетте, бизди кызыктырган V класста каралган адабий окутууда чыгарманын өзүн окуп материалдарды сиңирүү жумушу өйдөкү тайпалардан абдан өзгөчөлөнөрү барына белгилүү. Бул жерде уламдан ылдыйдан өйдөгө жылуу ыкмасы ишке ашырылган. Албетте, бул мыйзамдуу нерсе, себеби V-VI класста окугандар VII-VIII класста окугандарга салыштырмалуу кабыл алуу, ой жүгүртүү, өзүнө тапшырманы синирүү аракеттери бир топ ылдый болору турган иш. Ошондуктан, өйдөкү класстарга туура келген адабияттык талдоолорду V класстагы балдардан сурап, иш жүргүзүү талапка туура келбей тургандыгы табигый нерсе.

Мында V-VII класстар үчүн адабий окуу мезгилинде методикалык жактан бир топ алгылыктуу ыкмаларды сунуштаса болот. Алар: «көркөм окуу, комментарийлеп окуу, жатка үйрөнүү, өз сөзү менен текстке жакындатып айтып берүү, ылайыктуу лекция, маалымат берүү, түшүндүрүү, суроо жана жооп, аңгеме, байкоо, карама-каршы коюу жана салыштыруу, көнүгүүлөр иштөө, тапшырмаларды аткаруу, көрсөтмө куралдарды пайдалануу ж.б.» [3, 17-б.].

Бул жерде баарыбызга белгилүү болуп тургандай, негизги маселе – тексттин озүн окуп жана ал аркылуу жүрө турган иштер. Адабий окуу жумушунда киришүү жумуштарына улай сабагыбыздын маанилүү этабы алкагында тексттерди окуу иштери жүрөт.

Текстти окуу жумушуна абдан күч жумшаган илимпоздордун сап башында профессор М.А. Рыбникова турат. Окумуштуу мындай деген: «Көркөм окуу менен алектенип жатып биз сүйлөө методикасынын негизин, синтаксистик түзүлүшүн, фонетиканын баскычын, үндү, дем алууну туура кое билүүнү жетишерлик өздөштүргөндө гана андагы жазуучунун берейин деген оюн анын стилдик өзгөчөлүктөрүн түшүндүрүү аркылуу көркөм окуунун максатына толук жетебиз». [7, 29-б.]. Белгилүү илимпоз М.А. Рыбникова текст менен болчу иштин маңыз, максатын ушундай түшүнгөн.

Адабияттык окуу жумушуна окумуштуу В.В. Голубков да абдан басым жасаган. Ал «Чыгарманы окуу – мектептеги адабият сабактарынын системасындагы эң негизги баскыч» [2, 92-б.], - деп баса көрсөткөн.

Аталган жумуштар боюнча окумуштуулар: Н.И. Кудряшев, А.А. Липаев, Я.А. Роткович, С.А. Смирнов, В. Никольский сыяктуулар да ар бири өздөрүнө тиешелүү методикалык окуу китептеринде адабиятка тиешелүү сабак берүүнүн эң негизги этаптарынын бири деп баса көрсөтүшөт. «Текстти окуу ишин жүргүзүүгө байланыштуу текст менен болчу жумуштардын бардык түрлөрү жүргүзүлөт. Ал эми текст менен болчу жумуштардын түрлөрү эң эле ар түрдүү. Алар: үйдөн окуу, класста үн кубултуп көрктүү окуу, текст боюнча план түзүү, түшүнгөнүн оозеки кайра айтып берүү, текстти талдоо, текстти идеялык, композициялык жактан талдоо, пейзаж жана буюмдар менен болгон жумуштар, чыгарманын тектерин үйрөнүү ж.б.». [3, 28-б.]. Тексттер аркылуу жүрчү иштерге тиешелүү мындай жумуштардын өз ара бирине бири байланыштуу болушат да, адабияттык окууну өздөштүрүүгө жардам берет.

Мектептеги адабият сабагы маалында текстти окуу тууралуу П.М. Машеров атындагы Витебск мамлекеттик университетинин доценти Л.И. Щевцованын текстти окуп-өздөштүрүү тууралуу жазганы өзүнчө маанилүү: «Ар кандай текст окуу төмөнкүлөргө чакырат: ассоциациялуулуктун көптүгүнө, автордун көркөм ой жугуртүүсүнүн кадамдарын ээрчүүгө, чыгарманын теренине кирүүгө. Музыкалык жана сүрөткердик ассоциациянын тандалмасы көркөм тексти ар тараптан кабылдоого жардам берет, ички кабылдоону жана туюмду өстүрөт, анткени булар чыгармачылык кабылдоонун негизин түзүшөт» [9, 13-б.].

Ал эми окумуштуу-методист Д.У. Якибованын текстти окуу тууралуу айтканы өзүнчө кызык: « Филологго текст жөн гана окуп коюу маанилүү эмес, текстке жөн гана көз жугүртүп койбостон, андагы негизги ойду таап, ага басым жасоо. Мындай текстти кунт коюп окуу текстке озгөчө *акцент коюп окуу* деп аталат. Мындай окуу аркылуу биз окуяны айтып бере турган "субъект " көрөбүз. Адабияттын эпикалык түрүндө бул баяндамачы же айтып берүүчү, а лирикалык түрүндө – лирикалык каарман, драмалык чыгармаларда болсо – каармандар өздөрү» [10, 19-20-бб.].

Текст аркылуу жүргүзүлүүчү иштерде такай эле текстти бүтүндөй толук түрдө окуу, же бүтүндөй бойдон үйгө берүү иштерин алып баруу, же бүтүндөй бойдон планын түздүрүү ыкмаларын жалпы сабакта пайдаланбастан, тексттин объектисине, окутуунун этаптарына ылайык турдүүчө колдонуу зарыл. Андагы мазмундун өлчөмүнө жана окутуунун максаттуулугуна ылайык текст аркылуу жүрчү иштердин ар бир түрүнө ылайык пайдалануу балдардын предметке кызыгуусун ишке ашыруу менен материалдарды жакшы өздөштүрүүсүнө мүмкүнчүлүк түзөт.

Текст менен иш алып баруу жумуштары бир гана материалдарга байланыштуу эмес, балдардын жаш курактары менен класстын форматына ылайык да ар кандай болушу ыктымал. V-VI класстарда негизги чыгармаларды тайпада көркөм окууга ылайыкталса, VII-VIII класстарда буларга салыштырмалуу үйдөн окуп келүүгө чыгармалар арбынырак берилет. V-VI класстарда текст үчүн жөнөкөй план иштелип, билгенин толугураак тушундүрүү иштери арбын пайдаланылса, VII-VIII класстарда татаалдашкан план иштелип, билгендерин кыскачараак берүүгө көндүрүү жумушу ишке ашырылат.

Текст менен болчу жумуштардын максаты менен амалдары ар бир класстарда сыйдырылган чыгармалардын мазмундарына ылайык берилиши туура. Берилген тексттин көлөмдүүлүгүнө, материалдарга, тектерине ылайык аларды окууда техникалар белгиленет.

Текст менен болгон иштер тартип боюнча адегенде мугалим тараптан ишке ашырылат. Албетте, тексттин көлөмү азыраак болсо бүтүндөй, көп болсо чыгарманын идеялык мазмунун берүүгө абдан зарыл болгон үзүндү гана айтылат.

Текстти балдарга берүү жумушу аларга берилген материалдарды бекемдеп, тереңдетүү максатында ишке ашырылат. Мектептердин алкагында текстти окуу иштеринин эки формасы пайдаланылып келет: үйүнөн окуу (акырындан, ичинен окуу), класстан окуу (үн кубултуп көркөм окуу). Текстти көркөмдөп адепки окуунун натыйжасы чыгарманын идеялык дагы эстетикалык дагы маңызын ачууга шарт түзөт. Үн кубултуп окуунун маңызы– автор тарабынан чыгармага берилген эстетикалык бааны, тактап айтканда, идеяны угуп жаткан адамга жеткирүүдө турат.

Көркөмдөп окуунун негизги максатынын бири окуу аркылуу угармандын жан дүйнөсүн ойготуу, анын ойлонуусуна жетелөө, окулуп жаткан текстти окуп берген адам кандай түшүнүп жаткан болсо, угарманды да ошончолук түшүнүүгө алып келүү милдети турат. Текстти үн кубултуп окууда ичтен окуу бир топ артыкчылыкка ээ. Анда чыгармадагы алгылыктуу

жактар угарманга тез жетет. Аларды жеткирүү үчүн ал текстти окуучу адегенде өзү түшүнүүдө жатат. Демек үн кубултуп окуунун өзү эле окуучунун чыгарманы түшүнүшүнө, андан ары талдоого жол ачат.

Адабият сабагындагы көркөм окуу иши төмөндөгүдөй тартипте жүргүзүлөт:

- Чыгармага ар тараптуу анализ берүү.
- Окуу процессинде андагы көркөм окуу каражаттарын тандоо маселесинде милдеттерди кое билүү.
- Көркөм окууга болгон мыкты даярдык (анализ берүүнүн үлгүсү, партитураны түзө билүү, көнүгүү).
- Окуучулардын чыгарманы окуп, андагы көркөм окууга анализ берүүсү.
- Окуучулардын үйдөн өз алдынча иштөөсү.
- Кийинки сабакта окуучулардын анализ берүү менен текст окуусу [8, 27-б.].

Демек, сабак учурунда көркөм окуу жумуштары – текстке анализ жүргүзүүгө шарт түзө турган ыкмалардын бири. Үн кубултуп окуу адабий окуу жумушундагы ар кандай көрсөтмөлүүлүктөрдөн өйдө турары белгилүү. Тексттерди үн кубултуп окуу жумушунда гана балдардын аны өздөштүрүүсүнө жол ачабыз. Анткени, адабий чыгармалардын таасири баланын акыл-эсине көркөмдөп көркөм окуулардын негизинде гана жеткиликтүү болот.

Адабият адисинин эң негизги вазийпасы балдарда көркомдөп көрктүү окуунун салттарын калыптандырырыш керек. Бул жерде адистин өзүнүн текстти үн кубултуп окуй алышы ал тексттин маңызын балдардын түшүнө билишине алып келет. Ал жерде бала өзү үн кубултуп окуй алышынын негизинде ал текстти талдоого алышына, аны түшүнүүгө, баа бере алуусуна жетишет. Жазуучунун кандай жазуучу болгондугуна балдардын айырмалай алышына көркөм окуу жумушу чоң таасир берери шексиз.

Албетте V-VII класстын балдары текстти көркөмдөп окууну анчалык өздөштүрүүлөрү талапка шайкеш келбейт. Окуучулар көпчүлүк учурда интонацияны тууралап кое алышпайт. Тыбышты жеп, так айта алышпай, сөздордүн аяктарын жутушуп, логикалык басымды туура эмес коюшат. Окугп жатканда сүйлөмдүн, же тексттин маанилерине ылайык тондун көтөрүңкү же басыңкы, жайырак же тез чыга турганына анча көңүл коюшпайт. Үн кубултуп окуудагы бул ыкжолдорду этибар албастан окуу чыгармалардын идеялык маңызын, көркөмдүүлук жактарын, андагы образдар системасын, чыгарманын композициялык курулуусун, поэтикалык тилин жогорку деңгээлде түшүнүүлөрүнө кыйынчылык жаратат. Мындай негизги кыйынчылыктар балдарда тилдин тактыгын көнүктүрүүдө адабият адиси үчүн бир топ түйшүктү алып келет.

Мугалим балдардын текстти көркөмдөп көркөм окуу маданиятына ээ кылууну өзүнө максат кылуудан мурда, адис өзү үн кубултуп окуй билүүнүн мастери болушу керек. Себеп дегенде балдар көркөмдөп окуу жумушуна адегенде мугалимине таасирленип үйрөнүшөт.

Бул жерде биз текст аркылуу журчү иштерге, алардын ичинен текстти үн кубултуп окуу иштерине атайылап токтолгонубуз, өзүнчө басым жасаганыбыз туура. Анткени булардын бардыгы пайдалуу. Себеби адабий жомокторду, биздин мисалыбызда Чыңгыз Айтматовдун «Чыпалак бала» адабий жомогун V класста – адабияттык окууда өздөштүрүү жумушун жогорудагыларсыз көз алдыбызга тартуулоо эч эле мүмкүндөй эмес. Албетте,бул жерде – комментарийлеп окуу жумушу. Окутуудагы бул ыкма башталгыч класстардын бөлүмүнөн эми гана бошонушкан V класстарга өтө актуалдуу. Ушул жерден В.В. Голубковдун айтканын мисал кылсак:

«Мындай ыкма эгерде мугалим окуучуларды белгилүү деңгээлде анализ бере ала турганга тарта алган учурда гана пайдалуу, аларга суроо берип, кичине болсо да маектешүү ишин уюштура билсе: а тескерисинче, анализ толук түрдө мугалим тарабынан жүргүзүлсө, комментирийлеп окутуу кажет эмес, анткени бул мурунку мектептердеги окутуунун пассивдүү догмалык түрүнө кайтуу» [2, 184-б.]. Мындай ойго кандайдыр бир пикир айтуу ашыкча .

Бизди кызыктырган «Чыпалак бала» адабий жомогу аябай эле көлөму жагынан чоң эмес, ошондуктан мугалим жомокту бир сыйра толук, үн кубултуп окуса деле ашыкча болбойт. Төмөндө жомоктун текстин кыскача келтирели.

«Таятам жомок айтып отурганда мен ушунун баарын ойлоп отурам. Жомокту узак айтат таятам. Ар кандайы бар. Жанагы Чыпалак деген баладай күлкүлүү кызыгы да бар. Чыпалак деген бала чыпалактай эле болгон экен. Аны Карышкыр жутуп алыптыр... Жок, элден мурун төө жеп коёт. Чыпалак балдыркандын жалбырагына көлөкөлөп уктап калса, ошерде оттоп жүргөн төө жалбырак менен кошо аймап коюптур. Төө жутканын билбейт, кепшегенде билет деп ошондон улам айтылып калган тура. Чыпалак төөнүн ичинен чыңырып жардам сурайт. Аны уккан абышкалар төөнүн курсагын жара тартып, баланы куткарып алыптыр. Анан карышкыр жутуп алганы андан кызык. Суктугу да бөрүнүн, суктугунун азабын тартып анан ыйлап жүрбөйбү. Бир күнү желип-жортуп келатып, карышкыр Чыпалакка жолугуп калат. «Кедеңдеген сен кимсиң? Жалмап коёюнбу?» - дейт карышкыр. «Кой, антпе, - дейт Чыпалак, - өзүңө жаман, ит кылып салам». «– Ха-ха!.. – лап каткырат карышкыр. – Карышкыр ит болуптур дегенди сага ким айтып жүрөт? Ушу картымактыгың үчүн жейм сени!» - деп карышкыр баланы жутуп коёт. Жутуп алып, эсинен чыгып кетет. Бирок анан эстен чыгарышты көрүп ал, бөрү бөрүлүктүн күнүн көрбөй азап тартат [1, 249-250-бб.].

Бул жерде, окуя аябай эле кызыктуу, нукура жеңилирек юмордун үлгүсү көрүнүп турат. Айбандын зулумдугун, ач коздүгүн ашкерелеген тарбиялуулук максаты көз алдыга чагылат.

«Чыпалак бала» жомогун окуп үйрөтүүгө арналган сабак аны ар тараптуу комментарийлөө менен акырына чыгат. Үй ишине чыгарманын текстин кай-

радан окуп, андан ары кээ бир окуяларга ылайыктап сүрөттөрдү тартып келүү иши коюлат. Мындан тышкары жазып келүүгө суроо-тапшырмалардын төмөнкүдөй тизмектери берилиши керек:

1. Чыңгыз Айтматов ким? Анын өмүр жолуна байланыштуу кандай маалыматтарды билесиңер?
2. Чыңгыз Айтматовдун кандай чыгармаларын атай аласыңар?
3. «Чыпалак бала» жомогу кайсы чыгарманын курамынан орун алган?
4. Жомок эмне себептен «Чыпалак бала» деп аталат?
5. Жомоктогу Чыпалак бала карышкырга кандайча жолугуп калат?
6. Бала карышкырды ит кылып коюусун кандайча ишке ашырды?
7. Жомокту окуп чыгып, андагы окуяларды өз сөзүңөр менен баяндагыла.
8. Жомоктогу тааныш эмес сөздөрдү дептериңерге жазып алып, жаттап, аларды сабакка жооп берүүдө пайдалангыла.

Мына ушул «Чыпалак бала» жомогунун текстин көркөм окуу, комментарийлөө сабагында ойлоп түшүнүү, артка кайтуу (рефлекция) баскычтары [6,189-199-бб.] кандайча аракетте болот?» - деген суроо алдыга коюлат. Биз билгенден **ойлоп түшүнүү баскычы** – бул жаңы материалды үйрөнүү, маалымат менен иштөө.

Ойлоп түшүнүү баскычында окуучу класстагы башка окуучулар жана окуткан мугалими менен жаңы маалыматтар менен идеялардан турган текстти окуу, комментарийлөө, чыгып сүйлөгөндөрдү угуу, талдоолорду жүргүзүү ж.б. аркылуу карым-катышта болот.

**Артка кайтуу этабы** – алынган маалыматтардын алкагында ой жүгүртүп, мурдакы материалдарды бекемдеш.

Үчүнчү баскыч болуп артка кайтуу эсептелинет, ал башкаларынан кем эмес маанилүү анткени, кээ убакта сабак мезгилинен сырткарыда өтөт. Балдар бул жерде *жаңыча алынган билимдерин бекемдеп* жана өздөрү үчүн баштапкы билгендерине дагы жаңыча маалыматтарды киргизүүдө өткөндү жаңыга байланыштырышып, абдан активдүүлүктө иш алып барышат. Аталган этапта көп орчундуу максаттарга жетишүү жагы көңүлгө алынат.

**Жалпылап айтканда**:

– **ойлоп түшүнүү этабы** – чыгармалардын тексти аркылуу жумуштар иштелип чыгат, соңку өтүлө турган материалдар өздөштүрүлөт, балдар адабий чыгармада (башка презентациялык иштин кандайдыр башкачарак түрүндө) берилген маалыматтарды жаңыдан өздөштүрүүгө келүү үчүн буларды алардын ой жүгүрткөн пикирлери менен айкалыштырышат;

– **артка кайтуу этабы** – балдар берилген материалдын айланасында ойлонуп-толгонушат, алынган маалыматты бекемдешип, жыйынтыктоо негизинде муну баштапкы түшүнүктөрү менен айкалыштырышат [5, 39-б.].

Ал эми «**чакыруу этабында** – кызыгуунун ойгонуусу, жаңы материалды кабылдоого карата даярдык» [6, 198-б.]. Мында мугалимдин «Чыпалак бала» жомогу боюнча чакан киришүү сөзү айтылып, окуучуларды жаңы материалды кабылдоого психологиялык жактан даярдоо жумушу алып барылат.

Чакыруу жагдайын мугалим билгичтик менен берген суроосу, материалдын күтүлбөгөн бөтөнчөлүктөрүн окуучуларынын алдына алып чыгуу, көргөнү-укканы тууралуу аңгемелөө ж.б. ык-амалдар аркылуу түзө алат» [6, 198-б.].

Демек, Чыңгыз Айтматовдун «Чыпалак бала» адабий жомогунун текстин орто мектептин V классында комментарийлеп окуп өздөштүрүүдө демейки салттуу окутуудан тышкары, азыркы заманбап технологияларга ылайык, интерактивдүү негизде инсанга багыттап окуунун принциптери да жетекчиликке алынмакчы. Мында окуучулардын коюлган маселе боюнча өз оюн тартынбай айтып, кызуу баарлашууга көнүктүрүү иши көңүлдүн борборунда турары өзүнөн өзү түшүнүктүү. Окуучунун коомдун татыктуу адамы – инсан катары жетилүүсүнүн башаты так ушул интерактивдүү окутуунун тулкусунда орун алганы айныксыз.

**Адабияттар:**

1. Айтматов Ч. Чыпалак бала. Чыгармаларынын он томдук толук жыйнагы. Экинчи том. – Б.: Улуу тоолор, 2018. – 249-251-бб.
2. Голубков В.В. Методика преподавания литературы. – М.: Учпедгиз, 1962. - 496 с.
3. Иманалиев К. Кыргыз адабиятын окутуунун методикасы. – Ф.: Мектеп, 1976. - 232 б.
4. Кыргыз адабиятынын программасы. Окутуу орус тилинде жүргүзүлгөн мектептердин V-XI класстары үчүн. - Б., 2017.
5. Оторбаев Б.К. Адабиятты мектепте окутуунун актуалдуу маселелери. - Б.: Айат, 2013. - 96 б.
6. Оторбаев Б.К. Кыргыз адабиятын окутуунун методикасы. Окуу китеби. - Б.: Айат, 2020. - 560 б.
7. Рыбникова М.А. Очерки по методике литературного чтения. - М.: Просвещение, 1985. - 288 с.
8. Фирсова Т.Г. Современный урок литературного чтения: методический конструктор. - М.: Перо, 2018. - 211 с.
9. Щевцова Л.И. Методика преподавания литературы: современные технологии. Методические рекомендации. - Витебск: УО «ВГУ им. П.М.Машерова», 2012. - 49 с.
10. Якибова Д.У. Методика преподавания литературы: учебное пособие для студентов филологических факультетов. - М.: РУДН, 2012. - 152 с.
11. Тыныстанова Н.А. Изучение рассказов в v классе. / Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. 2023. №. 1. С. 194-197.